БЕКИТЕМИН
К.Ш.Токтомаматов атындагы
Эл аралык университетинин ректору,
э.и.д., профессор Кантороева А.К.
"29" апрель 2024-жыл.

**К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин Юриспруденция кафедрасынын кеңейтилген кошмо отурумунун № 7 протоколунан**

**КӨЧҮРМӨ**

Жалал-Абад шаары "29" апрель 2024-ж.

**Отурумдун катышуучулары:**

Улан уулу Авакан – Юриспруденция кафедрасынын башчысы, PhD, доцент, отурумдун төрагасы;
Юлдашов К.К. – ю.и.к., доцент, отурумдун катчысы;
Сулайманов К.А. - ю.и.к., ЭАУ профессору;
Мажитов Б.О. - ю.и.к., доцент;
Токтоболотова С.А. – саясий и. к., доцент;
Сайпидинов Б.Р. – ЭАУ доценти;
Толонов Т.Т. – окутуучу;
Тойгонбаева Н.О. - окутуучу;
Кулуева Э.О. – ага окутуучу;
Мадышева Ш.И. - ага окутуучу;
Чонатаева М.С. - ага окутуучу;
Досалиева К.А. - окутуучу;
Мустапакулова У.А. - окутуучу;
Асилбеков Д.Т. - окутуучу;

**Чакырылгандар:**

Кулдышева Г.К. – ю.и.д., профессор;
Мурзаибраимов Н.Б. – ю.и.д., профессор;
Пазылов Н.А. - ю.и.к., доцент;
Омурзаков С.А. – э.и.д., профессор;
Омошев Т.Т. – п.и.к., профессор;
Калиев А.С. – саясий и.к., доцент;
Пулатова Г.Т. – э.и.к., ЭАУ профессору;
Сулайманова Д.К. – э.и.к., профессор;
Атаканов Б.К. – э.и.к., доцент;
Капарова Г.Т. – доцент;

**Күн тартибиндеги маселе:**

Изденүүчү Кудаярова Барнохан Анваровнанын “Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк зомбулуктан аялдарды сактоо жана коргоонун теориялык-укукдук негиздери” аттуу темадагы 12.00.01. – Укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; Укук жана мамлекет жөнүндөгү окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо.

**Угулду: Жыйындын төрагасы, Юриспруденция кафедрасынын башчысы, PhD, доцен Улан уулу Авакан:**

Урматтуу жыйындын катышуучулары, сиздерди изденүүчүнүн резюмеси менен тааныштырып өтөйүн. Кудаярова Барнохан Анваровна 1981-жылдын 11-мартында төрөлгөн, улуту – өзбек. Кыргыз Республикасынын жараны. Билими жогорку, 2004-жылы Ош мамлекеттик университетинин Юридикалык факультетин “Юриспруденция” адистиги боюнча аяктаган. Окусун К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин аспирантурасында улантып, 2024-жылы, б.а. быйыл аяктап жатат. Турмушка чыккан, эки баланын энеси.

Изденүүчү Кудаярова Барнохан Анваровна учурда К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин Юриспруденция кафедрасында иштейт. Диссертациясынын темасы “Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк зомбулуктан аялдарды сактоо жана коргоонун теориялык-укукдук негиздери” деп аталат, адистиги – 12.00.01. – Укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; Укук жана мамлекет жөнүндөгү окуулардын тарыхы. Диссертациянын темасы К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университеттин окумуштуулар кеңешинин чечимдерин бекитүү жөнүндөгү ЭАУнун ректорунун 2021-жылдын 6-майындагы № 62-буйругу менен бекитилген.

Изденүүчү диссертациясынын темасы боюнча Кыргыз Республикасынын жана чет өлкөлөрдүн илимий журналдарында 10 дон ашык эмгектерин жарыкка чыгарган. Илимий жетекчиси юридика илимдеринин доктору, профессор Кулдышева Гулсара Кенжеевна.

Диссертациялык иштин мазмуну менен көпчүлүгүңүздөр таанышсыздар, ошентсе да иштин негизги жоболору жана анда каралган маселелер менен дагы бир ирет тааныштыруу үчүн сөздү диссертант Кудаярова Барнохан Анваровнага берели.

**Кудаярова Б.А.:**

Саламатсыздарбы бугунку жыйындын катышуучулары, урматтуу кесиптештер!

Сизгерде сунуштап жаткан “Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк зомбулуктан аялдарды сактоо жана коргоонун теориялык-укукдук негиздери” аттуу илимий изилдөөбүз учурдагы актуалдуу темага жазылган деп эсептейбиз.

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.**

Үй-бүлөдө аялдарга карата зомбулук бүгүнкү күндө, XXI кылымдын биринчи чейрегинде да экономикалык жана маданий өнүгүү деңгээлине карабастан ар кайсы өлкөлөрдө жана континенттерде көйгөй бойдон калууда. Бул факт аялдардын жашоосуна гана эмес үй-бүлөнүн жана бүтүндөй коомдун атмосферасына терс таасирин тийгизүүдө.

Акыркы жылдары бул көйгөй коомдук илимдердин өкүлдөрүнүн гана эмес бүтүндөй коомдун көңүлүн бурууда. Үй-бүлөдөгү зомбулук азыркы Кыргызстан үчүн олуттуу көйгөй болуп саналат, эксперттер тарабынан ал коомдун социалдык туруктуулугуна коркунуч келтирген олуттуу факторлордун бири катары бааланат.Криминологиянын, саламаттыкты сактоонун, социологиянын жана күндөлүк басма сөздүн маалыматтарына таянуу менен Кыргыз Республикасынын айрым үй-бүлөлөрүндө инсандар аралык зомбулук мамилелердин көнүмүш адатка айланган жашоо образы катары калыптануусу дале болсо токтобой келе жаткандыгын өкүнүч менен белгилейбиз. Бул стресстик кырдаалдардын көбөйүшүнө, адамдардын салттуу баалуулук багыттарынын жоголуусуна себеп болуу менен көпчүлүк учурларда социалдык-материалдык кыйынчылыктар менен байланыштуу болууда. Мындай шарттарда жашообуздун көп тармактарында, анын ичинде, биринчи кезекте үй-бүлөдө зомбулук кадыресе көрүнүшкө айланат.

Үй-бүлөдөгү зомбулукту атайын комплекстүү изилдөөгө алуунун актуалдуулугу төмөнкүдөй бир катар факторлор менен шартталган: коомдогу үй-бүлөлүк зомбулуктун келип чыгуусунун көп түрдүүлүгү, деги эле, анын көп кырдуулугу; үй-бүлөдөгү зомбулук менен кылмыштуулуктун кесепеттеринин оордуктары; башка бирөөлөрдүн үй-бүлөсүнө кийлигишүүнүн максатка ылайык эместиги жана анын натыйжасында кайсыл бир үй-бүлө мүчөсүнүн жабыркап калуусу; үй-бүлөлүк жаңжалды алдын алуунун жана аны сырттан байкоонун татаалчылыктары; ички үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуунун жана ага карата жаза колдонуунун бирдиктүү мыйзамдык-концептуалдык багыттарын иштеп чыгуунун татаалдыктары ж.б.у.с.

Кыргыз Республикасында 2020-жылдагы COVID-19 пандемиясынан кийин үй-бүлөлүк зомбулук менен байланышкан кырдаалдар курчуп кеткен. КРнын ИИМинин маалыматы боюнча 2020-жылдын январь- март айларынын ичинде (карантин жана өзгөчө кырдаалдын үч айында) үй-бүлөлүк зомбулукка байланыштуу Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарына 2319 кайрылуу келип түшкөн. Салыштыруу үчүн алып көрө турган болсок, бул көрсөткүч 2019-жылдын ушул эле айларына караганда 65%га көп жана алардын ичинен 21 жаштан 50 жашка чейинки аялдар болуп, жалпы эсептин 95% түзгөн

Кыргызстан КМШ өлкөлөрүнүн ичинен биринчилерден болуп үй-бүлөлүк зомбулукка каршы күрөш жүргүзүү боюнча атайын мыйзамдарды кабыл алган. Алардын ичинен негизгиси болуп 2017-жылдын 27-апрелинде кабыл алынган Кыргыз Республикасынын "Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоого алуу жөнүндөгү" мыйзамы эсептелет.

Үй-бүлөлүк зомбулукка каршы мамлекет менен коомчулуктун тынымсыз аракетине карабастан бул проблема актуалдуу боюнча кала берүүдө жана ал бир жолу аткарыла турган жумуш эмес болгондуктан ага каршы такай күрөш жүргүзүүнү талап кылат. Үй-бүлөлүк зомбулукту түп тамырынан жок кылуу бул боюнча мыйзамдарга жана мамлекеттик документтерге гана байланыштуу эмес. Мында бул негативдик көрүнүш менен менен күрөш жүргүзүүнүн абдан маанилүү субъектиси болгон жергиликтүү коомчулуктун ролу абдан чоң. Атайын укук коргоо органдарына караганда жергиликтүүлөр кайсыл үй-бүлөдө кандай проблемалар, жагымсыз жагдайлар бар экендигин мыкты билишет. Жергиликтүү маанидеги ар кандай маселени өз ордунда аксакалдар кеңешин түзүү жана аларды активдүү иштетүү менен оң жагына чечүүгө толук мүмкүн.

**Изилдөө темасынын илимий жактан иштелип чыгуу деңгээли.**

Үй-бүлөлүк зомбулуктун түрлөрү жана алардын россиялык мыйзамдык актыларда чагылдырылышын Т.Ю.Забелина, А.Н.Ильяшенко, В.Э.Игнатович, Л.А.Колпакова, Н.В.Машинская, Л.В.Сердюк, А.Н.Фатеев, Д.А.Шестаков жана башкалар изилдөөгө алышкан.Аялдарга карата кордук көрсөтүү проблемасын төмөнкү казак окумуштуулары изилдөөгө алышкан: Алауханова Е.О., Каирова Н. "Аялдарга каратакылмыштуу зомбулук" (2008), Жетписов С.К., Алибаев Г.А. "Азыркы казак коомундагы аялдарга карата зомбулук көрсөтүү: бул кырдаалга жана ага байланыштуу мыйзамдарга обзор" (2016).

Аялдарга карата күч колдонуу проблемаларына ата мекендик окумуштуулар Хамзаева А.Д., Түгөлбаева Б.Г., Шагивалиева А.К., Мусабекова Ч.К., Супатаева Ж.Э жана башкалар кайрылышкан. Ошондой болсо да, азыркы кыргыз юридика илимдеринде үй-бүлөдөгү зомбулук прблемасын чечүүгө багытталган жана жана анын комплекстүү жолдорун даана көрсөткөн булактар жетишсиз болуп жатат. Себеби, ички үй-бүлөлүк кылмыштуу зомбулуктун концептуалдык теориялык-практикалык мыйзамдык негиздери жетишсиз болуп жатат. Бул жүйөөлүү аргументтердин бардыгы биз тандап алган диссертациялык теманын актуалдуулугун, илимий жана практикалык маанилүүлүгүн көрсөтүп турат. Демек, укук коргоо органдарынын гана эмес жалпы коомчулуктун алдында үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу, анын натыйжалуу механизмдерин иштеп чыгуу, ага каршы жалпы күрөш жүргүзүү милдеттери турууда.

**Диссертациялык изилдөөнүн объектиси** үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана ага каршы күрөш жүргүзүүгө байланышкан коомдук-социалдык жана ички үй-бүлөлүк мамилелердин жыйындысы.

**Изилдөөнүн предмети** - үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана ага каршы күрөш жүргүзүү, анын келип чыгуу себептери жана залакалары, бул боюнча улуттук, эл аралык, дүйнөлүк деңгээлде жыйналган тажырыйбалар.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты.** Кыргыз Республикасында аялдарды үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоого алуунун теориялык-укуктук негиздерине илимий-теориялык анализ жүргүзүү. Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуунун жана андан аялдарды, жалпы үй-бүлө мүчөлөрүн коргоого алуунун буга чейин иштеп келген укуктук нормаларын жана чараларын өркүндөтүү, заман талаптарына туура келе турган алгылыктуу формаларын иштеп чыгуу жана аларды мыйзам чыгаруу органдарына, укук коргоо органдарына жана жалпы эле коомчулукка сунуштоо.

Алдыбызга коюлган илимий максаттарыбыз төмөнкүдөй **милдеттер** менен байланышкан:

- үй-бүлөлүк зомбулуктун укуктук аныктамаларын теориялык-практикалык жактан терең жана ар тараптуу талдоого алуу;
- үй-бүлөлүк зомбулуктун түрлөрүн жана формаларын изилдөө;
- үй-бүлөлүк зомбулукка алып келүүчү факторлорду аныктоо;
- үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана аны менен күрөшүүгө байланышкан эл аралык жана чет өлкөлүк тажырыйбалар менен мыйзамдарды изилдөөгө алуу;
- Кыргыз Республикасындагы үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоого алуунун укуктук механизмдерин ачуу жана аларды жакшыртуу;
- үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуунун жалпы социалдык чараларын жана механизмдерин аныктоо;
- үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуунун жана аны менен күрөшүүнүн алдынкы укуктук механизмдерин иштеп чыгуу жана аларды тиешелүү тармактарга таратуу.

**Изилдөөнүн методологиялык негиздерин** коомдук жашоо-турмуштун ар кандай жагдайларын изилдөөгө алуучу таанып-билүүнүн диалектикалык методдору түздү. Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө жалпы илимий методдор (анализ, синтез, изилдөө иштерине карата системалык жана структуралык мамиле жасоо ыкмалары ж.б.) активдүү колдонулду. Ошондой эле, төмөнкүдөй жекече илимий методдор: тарыхый, системалык-структуралык, салыштырма-укуктук, формалдуу-логикалык, укуктук моделдөө, документалдык, статистикалык ж.б.у.с. методдор ылайыгына жараша орду-орду менен пайдаланылды.

**Диссертациялык изилдөөнүн теориялык негиздерин** биздин изилдөө ишибиз менен түздөн-түз же кыйыр түрдө байланышкан укуктун теориясы жана тарыхы, конституциялык укук, кылмыш-жаза укугу, социология, психология жана башка илимдер боюнча окумуштуулардын илимий-теориялык эмгектери түздү.

**Изилдөөнүн нормативдик негиздери** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан ратификацияланган эл аралык нормативдик-укуктук актылардан, Кыргыз Республикасынын Конституциясынан, үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана ага каршы күрөш жүргүзүү менен байланышкан аракеттеги улуттук мыйзамдардан турат.

Диссертацилык изилдөөбүздө, ошондой эле, кылмыштуулуктун алдын алуу жана аны менен күрөшүү боюнча программалык-укуктук документтер активдүүлүк менен колдонулду.

**Диссертациялык изилдөөнүн эмприкалык негиздерин** үй-бүлөлүк зомбулук менен түрдүү деңгээлде байланышкан статистикалык материалдар, эл аралык, улуттук жана өкмөттүк эмес уюмдардын отчетторунун маалыматтары түздү. Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу, ага каршы күрөш жүргүзүү, жаза колдонуу жөнүндөгү мыйзамдардын иштөөсү боюнча Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын, сот органдарынын иш практикасына талдоо жүргүзүлдү.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Кыргыз Республикасындагы үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоого алуунун жана ага каршы күрөш жүргүзүүнүн теориялык-укуктук негиздерине арналган алгачкы комплекстүү монографиялык изилдөөлөрдүн биринен экендигинде. Диссертациялык иште биз укуктук категория катары карап жаткан үй-бүлөлүк зомбулуктун төмөнкүдөй автордук аныктамалары теориялык жактан негизделип чыкты:

- автор тарабынанүй-бүлөлүк зомбулуктун физикалык, экономикалык, психологиялык жана сексуалдык зомбулук сыяктуу түрлөрү өз алдынча талдоого алынды;
- үй-бүлө ичиндеги кылмыштуу зомбулук үчүн жооп берүүнүн мыйзамдык негиздерине заман талаптарына ылайык комплекстүү өзгөртүүлөрдү жана кошумчаларды киргизүү сунушталды;
- үй-бүлөлүк зомбулукка алып келүүчү негизги социалдык-психологиялык факторлор аныкталды;
- ата мекендик жана чет өлкөлүк тажырыйбаларды эске алуу менен үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу системалары өркүндөтүлдү жана алар жалпы коомчулукка сунушталды.

**Диссертациянын коргоо алып чыгылган жоболору.**

1. "Үй-бүлөлүк кылмыштуу зомбулукта" башка кылмыштын түрлөрүндөй эле бир жарандан башка бир же бир нече жаранга физикалык, экономикалык, психологиялык, сексуалдык жана башка жабырлануу келтирилет (анын бир гана айырмасы, бул кылмыштардын үй-бүлө мүчөлөрү ортосунда болгондугу).
2. Башка кылмыштын түрлөрүнө салыштырмалуу үй-бүлөлүк зомбулукту аныктоо бир топ татаал, себеби көпчүлүк үй-бүлөлөр үй ичиндеги чырды сыртка чыгаруудан намыстанышат жана бул сапат, айрыкча, кыргыз элине өзгөчө таандык.

3. Кыргыз Республикасынын "Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоого алуу" мыйзамы "үй-бүлө" түшүнүгүнө кирүүчү жана мыйзам алдында өзүнүн кылмыштуу аракеттерине жооп берүүгө милдеттүү бир топ жарандарды өз ичине камтыйт. Алар бир туугандар, мыйзамдуу түрдө никеде турган жубайлар же турбаган жубайлар (граждандык жубайлар же мусулман элдеринде учурай калып жүрүүчү никеге туруу менен гана чектелгендер), бала асырап алгандар же асыранды балдар, кылмыш болгонго чейин эле ажырашып кеткен жубайлар жана жалпы эле бир үйдө чогуу жашап жаткан алыс-жакын туугандар болуусу мүмкүн. Бул эл аралык нормаларга туура келгени менен кылмышкер менен жабырлануучунун чогуу жашап турганы же мурда бирге жашагандыгы сөзсүз түрдө эле дайыма "үй-бүлөлүк зомбулук" критерийине дайыма эле туура келбейт.

4.Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана ага каршы күрөш жүргүзүүгө байланышкан мыйзамдарга төмөнкүдөй толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүүнү сунуштайбыз:

а) Үй-бүлөлүк кылмыштуу зомбулуктун башка кылмыштын түрлөрүндөй эле жазага тартылуу кепилдигин камсыздоо максатында Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза кодексинин 177-беренесинин ченемдерин катуулатып белгилөө зарыл. Үй-бүлөлүк зомбулук көпчүлүк учурларда бир же бир нече жолку кайталануу менен чектелбестиги белгилүү, ал өз убагында тийиштүү деңгээлде жазаланбаса адатка айлануу коркунучу бар, демек, мындай кылмышты дайыма же кез-кези менен кайталанып туруучу кылмыш катары мүнөздөө максатка ылайыктуу.

б) Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза кодексинин жоболорундагы гендердик кызыкчылыктарды жана балдардын кызыкчылыктарын, алардын мыйзам чегиндеги эркиндиги менен укуктарын кеңейтүү зарыл.

5. Кыргыз Республикасынын "Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоого алуу" мыйзамын гендердик-тендештирилген курамды камсыздоочу Ыйгарым укуктуу органдын мүчөлөрүн дайындоо шартындагы критерий (8-берене) менен толуктоо зарыл, мында гендердик тең салмактуулуктун бузула баштоосу же бузулуусу тууралуу тийиштүү органдарга керектүү маалыматтар өз убагында түшүп турган болор эле.

6. Кыргыз Республикасынын "Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоого алуу" мыйзамына кандай үй-бүлөлүк чыр-чатактар аксакалдар сотунун компетенциясына кирери, ал эми кандайлары сот стстемасында каралары тууралуу так киргизилүүсү жана анын аталган мыйзамдын 20-беренесинде көрсөтүлүүсү зарыл. Элет жерлеринде жер-жерлерде аксакалдар сотунун түзүлүүсүнүн зарылдыгы тууралуу байма-бай айтылып келет, бирок ал прогрессивдүү идея дээрлик түрдө ишке ашырылбай келет.

**Диссертациялык изилдөөнүн теориялык маанилүүлүгү** анда келтирилген теориялык жоболордун бул багытты келечекте андан ары изилдөөчүлөр үчүн колдонулуу мүмкүнчүлүгүндө. Диссертациялык иште үй-

бүлөлүк зомбулуктун алдын алуунун, ага каршы күрөш алып баруунун теориялык-прикладдык жактары ачылды. Биз изилдөөгө алып жаткан негативдик социалдык-укуктук көрүнүшкө, анын түрлөрүнө жана формаларына, келип чыгуу себептерине терең жана ара тараптуу теориялык баа берилди.

**Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү** тиешелүү уюмдар менен мекемелерге, жалпы эле коомчулукка, сот жана күч органдарына төмөнкүдөй сунуштардын берилгендигинде:

• үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуунун, ага каршы күрөш алып баруунун жалпы мамлекеттик саясатында профилактикалык жумуштарды оптималдаштыруу;

• үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алууда жана аны түп тамырынан жок кылууда эскиден калган патриархалдык түшүнүктөрдөн жана салт-санаалардан биротоло арылуу;

• диссертациялык иште келтирилген сунуш-пикирлерди үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу, ага каршы күрөш жүргүзүү багытында укук коргоо жана башка мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын активдүү колдонуу мүмкүнчүлүктөрү;

• диссертациялык иштин материалдарында берилген теориялык-практикалык жоболордун орто жана жогорку юридикалык окуу жайларында колдонулуусу.

**Диссертациялык изилдөөдө алынган натыйжалардын чындыкка жакындыгы** Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, ички иштер органдарынын, сот органдарынын иш практикасына, атайын юридикалык адабияттарга талдоо жүргүзүлгөндүгүндө. Диссертациянын материалдары жана алынган натыйжалар илимий басылмаларда жарык көрдү, алар боюнча жергиликтүү, эл аралык илимий-практикалык конференцияларда докладдар окулду жана алар угуучулар тарабынан жакшы кабыл алынды.

Биздин диссертациялык изилдөөбүздүн негизги идеялары жана теориялык-практикалык сунуштары илимий басылмаларда жарык көрдү.... статьяларда.

**Диссертациялык изилдөөнүн структурасы** анда коюлган максаттар жана милдеттер, материалдар менен натыйжалардын логикалуу жана ырааттуу берилүүсү менен шартталды. Диссертациялык иш киришүүдөн, өз ичине жети параграфты камтыган үч баптан, корутундудан жана колдонулган адабияттар менен булактардын тизмесинен турат.

**Жыйындын төрагасы:** Анда эмесе суроо-жоопко өтсөк.

**Пулатова Г.Т.** Менде суроо менен бир сунушум бар. Бириничиси, эмне үчүн сиз дал ушул теманы тандадыңыз? Экинчиси: изилдөөнүн ыкмалары катары анализ, синтез ж.б. көрсөтүлгөн, бирок таблица жок. Диссертацияга таблицалар кошсонуз ишиниз структуралаштырылып визуалдаштырылган болот эле. Презентацияда дагы ушуларды көрсөтүш керек.

**Токтоболотова С.А.** Зомбулук бул саясий, экономикалык кырдаалдардын курчуган учурунда жаралуучу көрүнүш. Андыктан бул маселе жалгыз эле юристтер чеччү маселе эмес да. Бул маселени чечүү юристтер менен биргеликте экономисттер, социологдор, культурологдор ж.б. тарабынан да жүрүшү керек. Теманыз абдан актуалдуу, бирок ар тараптуу изилденген деп эсептеймин. Сиздин илимий ишиниздин өзгөчөлүгү эмнеде?

**Толонов Т.Т.** Суроом: диссертациялык иштин түзүмүнө байланыштуу. Түзүлүшүн, грамматикалык, орфографиялык жактарын атайын адистерге текшерттиңизби?

**Юлдашев К.К.** Тема чындыгында абдан актуалдуу. Теманы изилдөөдөгү ата-мекендик, Россиялык, Батыш өлкөлөрүнүн окумуштууларын эмгектерин атап өттүңүз. Ушул маселелердин абалы биздин коңшулаш Өзбекстан, Тажикстанда кандай экендигин, аларда алдын алуу чаралары кандайча көрүлөөрүнө кызыктыңызбы?

**Изденүүчү Кудаярова Б.А.:** Суроонуздар үчүн чоң рахмат! Мага бир аз даярданып алууга мүмкүнчүлүк берсеңиздер.

**Жыйындын төрагасы:** Изденүүчү даяр болгуча сөздү урматтуу коногубуз, юридика илимдеринин доктору, профессор Н.Б. Мурзаибраимов агайыбызга берели. Пикирлерге көңү буралы.

**Мурзаибраимов Н.Б.:** Биз азыр эки аспиранттын диссертациялык иштеринин талкуусуна күбө болуп отурабыз. Кудаярованын ишинин темасы да актуалдуу темалардан. Менин маалыматым боюнча бул тема көбүнчө Россияда, Казахстанда терең изилденген, Кыргызстанда мындай изилдөөлөр эми гана жанданып келе жатат. Мисал катары ажырашып, күйөөсү таштап кеткен аялдардын чет өлкөлөргө барып, иштеп келгенден кийин баягы ажырашкан күйөөсү тарабынан кордукка кабылган учурларды келтирүүгө болот. Албетте бул маселелерди чечүүдө биздин сот системабызда да кемчилдиктер көп болууда.

Биздин Кыргызстанда, Өзбекстанда, Тажикистанда негизинен мусулман үй-бүлөлөр жашашат. Ушундай үй-бүлөрлөрдө бул маселе курч, андыктан бул маселелерди чечүүгө арналган диссертацияны коргоого сунуштаса болот, муну мен да колдоймун. Ал эми изденүүчүлөргө ак жол каалаймын, толуктап, кемчилдиктерин жоюуга аракет кылышсын.

**Юлдашев К.К.** Мен кафедранын мурунку башчысы катары изденүүчүөрдүн экөөсүн тең жакшы билемин, дайыма изденип, тыным билбей эмгектенишет. Илимий иштеринин темасын тандап, жетекчисин бекитип келишкенде биз да аябай сүйүнгөнбүз. Экөөсү тең мээнеткеч, тырышчаак, берилген тапшырмаларды так аткарышат. Мен булар жетекчисинин да тапшырмаларын, көрсөтмөлөрүн так аткарып келе жатышат.

Барно Анваровнанын ишинин темасы өтө актуалдуу экен. Бул жерде көрсөтүлгөн кемчилдиктерди оңдойт, айтылган сунуштардын үстүнөн иштеп, дагы кошумчалайт деп ишенем. Катышуучулардан изденүүчүлөрдү колдоп берүүңүздөрдү суранып кетет элем.

**Жыйындын төрагасы:** Анда эмесе сөздү кайрадан изденүүчү Кудаяровага берели.

**Кудаярова Б.А.:** Алдын ала берген суроонуздар үчүн ыраазычылыгымды билдиргим келет. Муну менен кетирген кемчилдиктериме менин көзүм ачыла түшкөндөй болду. Биринчи суроого жооп берсем: Эмне үчүн мен дал ушул теманы тандап алдым?

Изилдөөгө канчалык тереңдеген сайын мен дал ушул үй-бүөдөгү зомбулукка кабылып жаткан аялдарды, балдарды көбүрөөк көрө турган болдум. Муну менен бул теманы мен туура тандаганыма ынанып келемин.

Диссертацияга таблицалар кошуу жөнүндө айта кетсем: техникалык жактан иштин түзүмүндөгү кемчилдиктерди мен билип, көрүп турамын. Эл алдында коргоого чыкканга чейин мен аларды жоюп, ЖАКтын талаптарына ылайык келтиремин.

Салима Абдылдаевна эжекенин диссертациялык иштин өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү суроосуна төмөнкүлөрдү айтат элем: туура эле үй-бүлөлүк зомбулуктун алкагында коп эле изилдөөлөр бар. Бирок биз изилдөөнүн илимий жаңылыгы деп Кыргыз Республикасындагы үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоого алуунун жана ага каршы күрөш жүргүзүүнүн теориялык-укуктук негиздерине арналган алгачкы комплекстүү монографиялык изилдөөлөрдүн биринен экендигинде. Диссертациялык иште биз укуктук категория катары карап жаткан үй-бүлөлүк зомбулуктун төмөнкүдөй авторлук аныктамалары теориялык жактан негизделип чыкты:

- зомбулуктун физикалык, экономикалык, психологиялык жана сексуалдык зомбулук сыяктуу түрлөрү өз алдынча талдоого алынды;
- үй-бүлө ичиндеги кылмыштуу зомбулук үчүн жооп берүүнүн мыйзамдык негиздерине заман талаптарына ылайык комплекстүү өзгөртүүлөрдү жана кошумчаларды киргизүү сунушталды;
- үй-бүлөлүк зомбулукка алып келүүчү негизги социалдык-психологиялык факторлор аныкталды;
- ата мекендик жана чет өлкөлүк тажырыйбаларды эске алуу менен үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу системалары өркүндөтүлдү жана алар жалпы коомчулукка сунушталды.

Талант Толонович агайдын суроосуна жооп: иштин өзүндө орун алган орфографиялык катачылыктардын, сүйлөмдөрдү түзүүдөгү грамматикалык каталардын үстүнөн кеңири иш алып барамын, сиздер көрсөткөн кемчилдиктерди оңдоп, диссертациялык ишти талапка ылайык кылып кайра даярдаймын.

Кабылжан Камалидиновичтин суроосуна жооп: суроодогу салыштырмалуу талдоо маселесине келсек, диссертациялык иштин өзүндө чет өлкөлөрдүн тажрыйбаларын талдоо каралган. Мен сиздин оюңуз менен макулмун, ушул маалыматтарды жана Кыргызстанга тиешелүү маалыматтарды таблица түрүндө жайгаштыруу менен салыштырууну жүргүзсөм жакшы болмок экен. Мен муну сөзсүз аткарамын.

Кабылжан агайдын суроосун мен сунуштама катары кабыл алдым. Коңшулаш мамлекеттер боюнча маалыматтарыбыз бар, аларды изилдеп, диссертацияга кошобуз.

**Жыйындын төрагасы:** Сөз изденүүчүлөрдүн илимий жетекчиси, юридика илимдеринин доктору, профессор Кулдышева Гулсара Кенжеевнага берилет.

**Кулдышева Г.К.**

Урматтуу коллегалар, силерге чоң рахмат, убактыңыздарды бөлүп, келип ушул жерден ойлоруңуздарды айтып жатканыңыздарга. Аябай жакшы сунуштар болду, диссертациялардын кыргызча котормосун биз сөзсүз адистерге көрсөтүп, кеңешебиз.

Үй-бүлөдөгү зомбулук көйгөйү биздин гана көйгөй эмес, дүйнө жүзүндөгү бардык мамлекеттерде бул көйгөй бар. Чындыгында интернетти ачсаң эле ушул маселеге кабыласың, көңүлүң ооруйт. Учурда зомбулук аялдарга гана эмес, эркектерге карата да болуп жатканы бул көйгөйдү күчөтүүдө. Акча алып келбейсиң, тамак таап келбейсиң деп күндө эле эркектин мээсин жештин өзү да бир күнү жарылууга, кандайдыр бир кылмышка алып келүүсү анык. Мындай зомбулуктардын алдын алууда элибиздин каада-салттары, үрп-адаттары чоң жардам берет деп ишенем.

Албетте иштерде техникалык, стилистикалык жактан кемчилдиктерибиз бар, ошол эле учурда бизде ушуларды оңдогонго убактыбыз, мүмкүнчүлүгүбүз бар. Мен кыздарга ишенемин, аябай мээнеткеч адамдар, алдыда дагы көп иштер турат, булар ишеничтүү аткарышат деп ишенемин. Андыктан колдоп берүүңүздөрдү суранамын.

**Жыйындын төрагасы:** Анда эмесе изденүүчүгө сын-пикирлер жана каалоолор болсо айтсаңыздар болот.

**Угулду: Пулатова Г.Т.** Өзүнүн улутунун өзгөчөлүктөрүнө жараша кыйналганына карабай диссертациялык ишин кыргыз тилинде – мамлекеттик тилде даярдагандыгына мен ыраазычылык билдирет элем. Презентацияны бир аз ачык көрүнө тургандай кылгыла, адамды өзүнө тарта турган кызыктуу болушу керек. Изденүүчүлөргө ийгилик каалаймын, ал эми катышуучулардан аларды колдоп берүүңүздөрдү суранамын.

Угулду: Калиев А.С. Илимий жолду аркалаган кыздарыбызга азаматсыңар деп айткым келет. Ишиңерге ийгилик! Бул жерде суроолор канчалык көп болсо, силер ошончолук такшалып, Жогорку аттестациялык комиссига ошончолук даяр болосуңар деп ойлоймун.

Барно Анваровнанын ишинин жоболорунда үй-бүлөлүк зомбулук көнүмүш адатка айланып бара жаткан курч маселе болуп жатканы баса белгилениптир. Андыктан бул маселени изилдөө мамлекеттик органдарды да кызыктыра ала турган актуалдуу маселе деп ойлоймун. Андыктан силерге сунушум, практикалык баалуулугу зор болгон силердин изилдөөңөр кагазда

калып кетпестен практикалык иш жүзүнө ашыруу керек. Маселелерди чечүүдө медиацияны жана улуттук баалуулуктарды колдонууну эске алып койсоңуздар.

**Угулду: Толонов Т.Т.** Изденүүчүнүн темасы аябай актуалдуу экендигин тастыктаймын. Мен өзүм адам өлтүрүүнү териштирүү бөлүмүнүн башчысы болуп турган кезимдеги талдоо көрсөткөндөй, адам өлтүрүүнүн 30%ы үй-бүлөлүк зомбулуктун негизинде келип чыгат. Абдан глобалдуу маселелер каралыптыр. Изденүүчү Кудаярованын ишине ийгилик каалап кетемин.

**Угулду: Юлдашов К.К.** Бул жердеги талкууда канчалык кемчилдиктер көрсөтүлсө, изденүүчүлөр үчүн ошончолук жакшы болот, себеби алар такшалышат, кийинки чоң сыноого даяр болушат. Анан да мен жетекчиси Гулсара Кенжеевнаны диссертациялык кеңештин ийгиликтүү ачылышы, бул кеңештин төрагасы болуп дайындалышы менен өзгөчө куттуктаймын! Ишиңиздерге ийгилик. Изденүүчүлөрдү колдоп беришиңерди дагы бир жолу суранабыз.

**Угулду: Атаканов Б.К.** Зомбулук, аны токтотууга канчалык аракет болгонуна карабастан, тилекке каршы дагы деле уланып жатат. Зомбулук кылган адам кошуналардан, тууган-уруктан коркпосо, мыйзамдан коркпосо, балким Кудайдан корккоттур. Дүйнө элинин көп бөлүгү Ислам динин кармангандыктан, балким Ислам принциптеринен тартынаттыр. Ошондуктан ушул принциптерди да талдап, керектүүсүн кошсоңор деп сунуштайт элем.

**Угулду: Омошев Т.Т.** Кудаярова биздин университеттеги эң жигердүү иштеген кызматкерлердин бири. Буга чейин да зомбулукка каршы иш-чараларга көп катышып жүрүп, акыр аягы изилдөөсүн да ушуну менен байланыштырганы жакшы болуптур. Экинчи жагынан диссертациялык ишин ЖАКтын талаптарына ылайык кыргыз тилинде даярдаганы да чоң эрдик. Үчүнчүсү диссертациялык иштеги терминологияны адистер менен кеңешип, такташ керек, стилистикага терең көңүл бурушу керек. Ишиңерге ийгилик. Анын үстүнө бешенеңер ачык экен, жетекчиңер аябай төп келишип, диссертациялык кеңештин төрайымы болгону силер үчүн чоң ийгилик болуптур. Эжеке, сизге да чоң рахмат, ушул кыздарыңыз үчүн күйүп-бышып, өзүңүз келип, колдоп отурганыңызга. Кыздарыбызга да ийгилик, кечиктирбестен тез алга жылышыңар керек.

Анан эми жалпысынан бир сунуш түшүп жатат. Ошол сунушту колго салып, процедураны алга жылдырсак.

**Жыйындын төрагасы:** Анда суроо, сунуштар жок болсо, добуш берүү процедурасына өтсөк. Талкуунун жүрүшүндө айтылган сын-пикирлердин баарын эске алуу менен Кудаярова Барнохан Анваровнанын “Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоонун теориялык-укуктук негиздери” аттуу диссертациялык иш жактоого жолдомо алынсын деген сунуш түштү. Бул сунушту добушка коемун.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары:

**“Макул”** – жыйындын баардык катышуучулары;

**“Каршы”** – жок;

**“Калыс”** – жок;

Добуш берүүнүн жыйынтыгы боюнча жыйындын катышуучуларынын бардыгы бир добуштан бул сунушка макул экендиктерин билдиришти.

Талкуу жана пикир алмашуулардан соң К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин Юриспруденция кафедрасынын кеңейтилген жыйыны

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кудаярова Барнохан Анваровнанын “Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк зомбулуктан аялдарды сактоо жана коргоонун теориялык-укуктук негиздери” аттуу темадагы 12.00.01. – Укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; Укук жана мамлекет жөнүндөгү окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин айтылган кемчилдиктерди, сунуштарды жана каалоолорду эске алуу менен коргоого алып чыгууга сунушталат.

2. Диссертациялык кеңештен Кудаярова Барнохан Анваровнанын “Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк зомбулуктан аялдарды сактоо жана коргоонун теориялык-укуктук негиздери” аттуу темадагы 12.00.01. – Укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; Укук жана мамлекет жөнүндөгү окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин кароого кабыл алуусу суранылсын.

**Жыйындын төрагасы,**
К.Ш.Токтомаматов атындагы
Эл аралык университетинин
Юриспруденция кафедрасынын
Башчысы, PhD, доцент: Улан уулу Авакан.

**Жыйындын катчысы,** ю.и.к., доцент: Юлдашов К.К.

**Колдорун тастыктаймын:**
К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУнун
Адам ресурстарын башкаруу
бөлүмүнүн башчысы: Суеркулова Г.